**Курамаева Наргиза Ормошбековна 12.00.14 – административдик укук, финансы укугу, маалыматтык укук адистиги боюнча «Салык укуктук мамилелер: теориялык – укуктук аспект» темасындагы юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациясына**

# ПИКИР

2016-2019 жылдары аспирант Курамаева Наргиза Ормошбековна салык укуктук мамилелер: теориялык – укуктук аспектилери боюнча комплекстүү изилдөө жүргүзүп, юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациясын аяктады.

Салык туралуу мамилелер көпчүлүк убакта экономикалык тармакта кана изилденип келген. Ал эми укук тармакта салык укуктук мамилелери түздөн-түз каралган эмес. Улуу илимий окумуштуулар тарабынан салыктын пайда болуусу, өнүгүүсү, конституциялык негиздери сыяктуу темалардын ичинде гана каралып келгендиги илимий изилдөө иштерде байкоого болот. Ал эми, салык тармагындагы укуктук мамилелерди жана бул тармакты жөнгө салган укуктук ченемдерди жакшыртуу максатында юридикалык ыкмалар менен илимий негизде талданган көз караштар жүргүзүлүшү керек экенди азыркы учурдун талабы.

Аспирант диссертациялык изилдөөсүн даярдоо мезгилинде салык мамилелерин терен изилдөө менен бирге ар кандай укуктук концепцияларды жана илимде калыптанган көз караштарды илимий жактан изилдөө аркылуу мамлекеттин укуктун системасындагы салык укуктук мамилелердин абалын караган. Салык укуктук мамилелерди изилдөөдөгү теориялык негиздер жана салык тутумун реформалоонун зарылдыгын эске алуу менен талдоого алган. Өлкөдө өткөрүлүп жаткан салык тармагындагы реформалар салыкты тескөө механизмин натыйжалуу ишке ашырууну жана күчөтүүнү, мамлекеттик салык саясатын ишке ашыруунун формасын камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын өркүндөтүү зарылдыгын шарттады.

Ушуга байланыштуу салык укуктук мамилелер, алардын катышуучулары жаңы мааниге ээ болуп, өзгөчө мазмунду камтууда. Жогоруда баяндалган жагдайлар коомдогу, мамлекеттеги салык укуктук мамилелердин теориясына жана практикасына өзгөртүүлөрдү киргизүү муктаждыгын пайда кылууда. Салык укуктук мамилелердин түшүнүгүн иштеп чыгууда бир кана мамилелерди жөнгө салуудагы катышуучуларды белгилеп коюу эмес, салык укуктук мамилелерге катышып жаткан катышуучулардын өзгөчөлөнгөн белгилерин аныктоо жана бул тармакты жөнгө салган укуктук ченемдерди жакшыртуу болуп эсептелет.

Жалпысынан диссертант Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык коммиссиясынын талаптарына ылайык, илимий изилдөө жүргүзүү,алынган жыйынтыктардын колдонуусун камсыз кылуу, диссертациянын негизги жоболорун жарыкка чыгаруу боюнча маселелерди толук аткарды. Негизинен диссертант өзүнүн алдында коюлган ишти аткарып,илимий изилдөө жүргүзүп,кабыл алынган жыйынтыктардын ишке ашуусун камсыз кылды,диссертациянын негизги жоболорун жарыкка басып чыгарды.Салык укуктук мамилелерди тереңдетип изилдөө, окуу, салыктарды жыйноодо экономикалык жактан негизделген, адилеттүү принциптерди түзүүгө, салык төлөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылууга жардам берерин өз изилдөөсүндө билдирди.

Биздин оюбуз боюнча Н.О.Курамаеванын диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык коммиссиясынын талаптарына жооп берип,диссертациялык изилдөөсү аягына жетти деп эсептелип, Кыргыз мамлекетинин өкмөтүнүн алдындагы Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдындагы Д 12.19.592 диссертациялык кеңешине юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн каралууга сунушталат.

**Юридика илимдеринин доктору,профессор** **Молдоев Э.Э.**